Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

## 2022-2026-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы жөнүндө

Улуттук маалыматтык-статистикалык тутумдун потенциалын андан ары чыңдоо жана өнүктүрүү, башкаруу органдарынын, чарба жүргүзүүчү субъекттердин, массалык маалымат каражаттарынын жана калктын калың катмарынын республиканын экономикасынын өнүгүү абалын жана тенденциясын мүнөздөгөн статистикалык маалыматтарга болгон муктаждыгын, керектөөлөрүн натыйжалуу жана сапаттуу маалыматтык камсыздоо, статистика жаатындагы мамлекеттик маалыматтык кызмат көрсөтүүнүн айкын-ачык тутумун түзүү максатында, «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Бекитилсин:

- 2022-2026-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы (мындан ары - Программа) 1-тиркемеге ылайык;

- 2022-2026-жылдардын аралыгында Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) 2-тиркемеге ылайык;

- Программаны ишке ашыруунун мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы 3-тиркемеге ылайык.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) камсыз кылышсын:

- Программада жана Иш-чаралар планында каралган иш-чараларды өз убагында жана сапаттуу аткарышсын;

- жыл сайын кийинки отчеттук мезгилдин 15-январынан кечиктирбей, Программада жана Иш-чаралар планында каралган иш-чаралардын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине маалыматтарды беришсин.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки жылдын 15-февралына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жалпыланган маалымат берүүсү сунушталсын.

4. «2015-2019-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 24-мартындагы №144 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдеринин аткарылышын контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**